Ош мамлекеттик университитнин математика жана информациялык технологиялар факультетинин колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасында өткөрүлгөн кеңейтирилген кеңешменин

**ПРОТОКОЛУ**

24– май, 2024 – жыл. (230 аудитория, саат 14-00)

Төрөга: Жолдошов Т.М.

Катчы: Абдивоситова А.Г.

Катышкандар:

**Кафедрадан:** кафедранын бардык мүчөлөрү;

**Иш берүүчүлөрдөн:** Ж. Көчкөнов- Ош тазалык ишканасынын өкүлү, Ш. Кадыров- “Акнет” жоопкерчилиги чектелген ишканасы.

**Илимий жетекчилерден:** Д. Турсунов - ф.-м.и.д., профессор, Азимов Б- ф.-м.и.к., доцент, У. Сопуев - ф.-м.и. к., доцент.

**Докторанттар:** С. Камалов, Ж. Раева, Пакал у Д., А. Азимов, А. Жалилов, Н. Бекназаров, Абдивоситова А., Шермаматов Ж., Дарбанов Э., Маманов М., Ху Юань ж.б.

**Администрациядан:** МФТИТ институттун директору – Б.А. Азимов.

Күн тартиби:

*3). Ар түрдүү маселелер*

“510200 – Колдонмо математика жана информатика” PhD билим берүү программасын негизги билим берүү программасынын докторанттарынын илимий иштерин талдоо, окуу планына кийирилген өзгөрүүлөр, жетекчилердин жана иш берүүчүлөрдүн сунуштарын талкуулоо жөнүндө

*Угулду: Кафедра башчысы, доцент Т. Жолдошов:*

Кенешме жогоруда аталган билим берүү программасынын окуу процессинин уюштурулушу, окуу планындагы дисциплианалар боюнча докторанттардын ой пикирлери, анкетилөөнүн жыйынттыктары, иш берүүчүлөрдүн сунуштарынын аткарылышы, илимий жетекчилердин илимий изилдөө боюнча ой пикирлерин кенешмеде талкуулап алсак. Төмөндө 15 февраль 2024 жылы болуп өткөн тегерек столдогу иш берүүчүлөрдүн сунуштарын тизмектейин:

-иш берүүчүлөрдүн сунуштары: академиялык этиканы жана автордук укукту сактоо: докторанттар илимий изилдөө иштеринде академиялык этиканы, автордук укукту жана интеллектуалдык менчикти сактоого милдеттендирилсин. Бул талаптарды аткаруу үчүн тиешелүү окутуулар жана семинарлар уюштурулсун;

-окуу процессинин уюштурулушу: окуу процессинин эффективдүү уюштурулушун камсыздоо максатында, илимий жетекчилер менен докторанттардын ортосундагы байланыштар системалуу түрдө жүргүзүлсүн. Бул ишти уюштуруу үчүн, жетекчилердин жана докторанттардын жеке сүйлөшүүлөрү жана иш-планын карап чыгуу механизмдери аныкталсын;

-анкетирлөөнүн жыйынтыгы боюнча чечимдер кабыл алуу: иш берүүчүлөрдөн жана кызыкдар тараптардан алынган анкетирлөөнүн жыйынтыктары негизинде, докторанттардын окуу жана илимий иши боюнча чечимдер кабыл алынып, сунуштар ишке ашырылсын;

-квалификацияны жогорулатуу жана тажрыйба алмашуу: докторанттардын квалификациясын жогорулатуу жана тажрыйба аламашуу боюнча мобилдүүлүк иштери системалуу түрдө жүргүзүлсүн;

-элективдүү курстарды сунуштоо: окуу планына төмөнкү дисциплиналар киргизилип, аларды докторанттардын тандоосуна сунуштоо:

1) Сандык анализ II дисциплинасы (Тандоо курсу 1);

2) Жекече туундулуу дифференциалдык теңдемелер II дисциплинасы (Тандоо курсу 2);

3) Жекече туундулуу теңдемелер I дисциплинасы (Тандоо курсу 3).

*Жарыш сөз:*

**Асылбеков Т. (кафедранын доценти):**

- Саламатсыздарбы кеңешменин катышуучулары! Колумдагы анкетирлөөдө докторанттар, жана иш берүүчүлөрдүн жана илимий жетекчилердин жоопторуна карата озгөртүү кийирели. Андан сырткары кенешмеде катышкан иш берүүчүлөрдун, докторанттардын жетекчилердин пкирин уксак. Ага карата негизги билим берүү программасынын мазмунун аныктасак.

**Турсунов Д. (илимий жетекчи):**

- Саламатсыздарбы! Менин сунушум элективдуу курстага байланыштуу. Докторанттарга тандоо эркиндиги берилген. Ага ылайык аларга бир канча дисциплиналар сунушталуусу керек. Ошол себептүү ушул кеңешмеде ал дисциплиналарды кызыкдар тараптардын сунушун эске алуу менен аныктап койсок деп сунуш бермекмин.

**Пирматов А. (кафедранын доценти):**

- Урматтуу кесиптештер жана докторанттар, мен эки нерсени айткым келет биринчиси илимий изилдөөгө байланыштуу. Ага ылайык этиканы жана авытордук укукту сактоону эске алыңыздар. Экинчиси элективдүү курстар боюнча, ал кызыкдар ттараптар берген сунуштар менен аныкталат. Себеби бул жерде эмгек рыногунун анализи, илимий изилдөө иштердин багыты да эске алынуусу керек. Анкетирлөөнүн жыйынтыгын менен үстурттөн тааныштырып косңуз болотпу? Анонимдүүлуктү эске алыныз.

**Пакал у Д. ( докторант):**

- Илимий изилдөө иштерин уюштуруу бул татаал процесс экен. Ошол себептүү сырттан бизге конок лекция уюштуруп берсеңиздер? Өндүрүштөн болсо дагы жакшы болмок?

**Көчкөнов Ж. (иш берүүчу):**

- Саламатсыздарбы! Мен рыноктун талабына жана докторанттардын илим изилдөөлөрүнө байланышкан математикалык моделөөнүн маселелерин чечүүгө өболго түзүүчү дисциплиналарды элективдүү курстарга сунуштамакмын. Дисциплиналардын аталыштарын ушул кеңешмеде талкуулап алып андан соң сунуштайлы?

**Азимов Б. (институтттун директору)**

- Окуу процессин үзгүлтүксүз көзөмолдөңуздөр, андан сырткары илимий жетекчилер докторанттарыңыздардын диссертациясынын мазмунун аныктап коргоо маселесинин иш чараларын уюштура бериңиздер. Бардык сунуштарды эске алуу менен ушул кенешмеде чечим кабыл алалы.

Кеңешменин мучөлөрү төмөнкү чечимдерди кабыл алышты.

## ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:

1) Кафедра иш берүүчүлөрдүн сунуштарына ылайык, докторанттар илимий изилдөө иштеринде академиялык этиканы жана автордук укукту сактоого милдеттендирилсин. Бул максатта тиешелүү окутуулар, семинарлар жана тренингдер уюштурулуп, докторанттарга автордук укук жана интеллектуалдык менчик боюнча түшүндүрмө иштери жүргүзүлсүн;
2) Кафедра, окуу процессин уюштуруу боюнча, илимий жетекчилер менен докторанттардын ортосундагы байланыштарды системалуу түрдө ишке ашыруу үчүн тиешелүү чаралар көрүлсүн;
3) Иш берүүчүлөрдөн жана кызыкдар тараптардан алынган анкетирлөөнүн жыйынтыктары каралып, анализ берилип, жыйынтыгы сайтка жайгаштырылсын;
4) Докторанттардын квалификациясын жогорулатуу жана тажрыйба алмашуу мобилдүүлүк иштери уюштурулсун;
5) Окуу планында төмөнкү дисциплиналар элективдүү курстар катары сунушталсын:
-Сандык анализ II дисциплинасы (Тандоо курсу 1);

-Жекече туундулуу дифференциалдык теңдемелер II дисциплинасы (Тандоо курсу 2);
-Жекече туундулуу теңдемелер I дисциплинасы (Тандоо курсу 3)
ОшМУнун окуу-методикалык бирикмесине сунуштоо, сунушталган жумуштарды аткаруу кафедра башчысы Т. Жолдошовго жүктөлсүн.

Чогулуштун төрагасы: Т. М. Жолдошов

Катчы: А.Г. Абдивоситова